ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№2(7)/2025, 64-74

**УДК 336.64**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_2(7)_7

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИШКЕРДИКТИ “ЖАШЫЛ” КАРЖЫЛОО НЕГИЗДЕРИ

# ОСНОВЫ “ЗЕЛЕНОГО” ФИНАНСИРОВАНИЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА В КЫРГЫЗСТАНЕ

# BASICS OF “GREEN” FINANCING FOR ENTREPRENEURSHIP IN KYRGYZSTAN

**Кулуева Чинара Раимкуловна**
*Кулуева Чинара Раимкуловна*
*Kulueva Chinara Raimkulovna*

**э.и.д., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*д.э.н., профессор, Ошский государственный университет*
*Doctor of Economics, Professor, Osh State University*
*chkulueva@mail.ru*

---

**Сатыбалдыева Акселки Алимжановна**
*Сатыбалдыева Акселки Алимжановна*
*Satybaldyeva Akselki Alimzhanovna*

**КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын Ош облусу боюнча координатору**
*Координатор Академии государственного управления при Президенте Кыргызской Республики по Ошской области*
*Coordinator of the Academy of Public Administration under the President of the Kyrgyz Republic for Osh region*

---

**Сеитова Жибек Болотбековна**
*Сеитова Жибек Болотбековна*
*Seitova Zhibek Bolotbekovna*

**э.и.к., доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети**
*к.э.н., доцент, Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына*
*Ph.D., Associate Professor of Kyrgyz National University named after Zh. Balasagyna*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИШКЕРДИКТИ “ЖАШЫЛ” КАРЖЫЛОО НЕГИЗДЕРИ

**Аннотация**

Бул макалада жашыл каржылоонун заманбап ишкердиктеги мааниси каралат. Анда глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн шартында туруктуу, аз көмүртектүү экономикага өтүүнүн негизги куралы катары “жашыл” каржы феноменин комплекстүү изилдөөнүн учурдагы ролу аныкталган. Бул теманын актуалдуулугу экологиялык маселелерди жана экологиялык критерийлерди каржы-экономикалык тутумга интеграциялоо зарылчылыгынан келип чыккандыгына байланыштуу Кыргызстан жана анын аймактары үчүн улуттук долбоорлорду жана экологиялык коопсуздук стратегияларын ишке ашыруу контекстинде өзгөчө мааниге ээ.

Макалада “жашыл” каржылоонун мүнөзү, мазмуну жана анын ченемдик укуктук базасы талданат. “Жашыл” каржы менен колдоого алынган “жашыл” экономиканы өнүктүрүүнүн оң жана терс жактары аныкталган, ошону менен бирге “жашыл” каржы рыногунун жакынкы келечектеги мүмкүнчүлүктөрүнүн мааниси каралган.

**Негизги сөздөр:** “жашыл” каржылоо, туруктуу өнүгүү, ишкердик, “жашыл” экономика, “жашыл” каржы аспаптары, “жашыл” насыя, “жашыл” таксономия.

---

### *ОСНОВЫ “ЗЕЛЕНОГО” ФИНАНСИРОВАНИЯ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА В КЫРГЫЗСТАНЕ*

**Аннотация**

В статье рассматриваются вопросы значимости зеленого финансирования в современном предпринимательстве. Определена современная роль комплексного исследования феномена «зеленого финансирования» как ключевого инструмента перехода к устойчивой, низкоуглеродной экономике в условиях глобальных экологических вызовов. Актуальность темы обусловлена проблемами окружающей среды и необходимостью интеграции экологических критериев в финансово-экономическую систему, что для Кыргызстана и его территорий особенно значимо в контексте реализации национальных проектов и стратегий экологической безопасности. Дан анализ сущности и содержания “зеленого” финансирования, его нормативно-правовой базе. Определены положительные и отрицательные моменты развития “зеленой” экономики сопровождаемая “зеленым” финансированием. Рассмотрена значимость потенциала рынка “зеленого” финансирования на ближайшее будущее.

***Ключевые слова:*** *«зеленое» финансирование, устойчивое развитие, предпринимательство, “зеленая” экономика, «зеленые» финансовые инструменты, “зеленые” кредиты, “зеленая” таксономия.*

### *BASICS OF “GREEN” FINANCING FOR ENTREPRENEURSHIP IN KYRGYZSTAN*

**Abstract**

This article examines the importance of green finance in modern entrepreneurship. It identifies the current role of comprehensive research into the phenomenon of "green finance" as a key tool for the transition to a sustainable, low-carbon economy in the face of global environmental challenges. The relevance of this topic stems from environmental issues and the need to integrate environmental criteria into the financial and economic system, which is particularly significant for Kyrgyzstan and its territories in the context of implementing national projects and environmental security strategies.

This article analyzes the nature and content of green finance and its regulatory framework. The positive and negative aspects of developing a green economy supported by green finance are identified. The significance of the green finance market's potential for the near future is considered.

***Keywords:*** *green finance, sustainable development, entrepreneurship, green economy, green financial instruments, green loans, green taxonomy.*

Экологиялык ааламдашуу, өлкөлөрдүн туруктуу өнүгүүгө биргелешкен милдеттенмеси жана «жашыл» экономиканын пайда болушу «жашыл» каржы аспаптары рыногунун пайда болушуна өбөлгө түзүүдө. Бирок, мындай аспаптардын баасы кыйла жогору болгондуктан, көпчүлүк компаниялар, чарба субьектилери бул тармакты өнүктүрүү үчүн жетиштүү ресурстарга ээ эмес.

Заманбап бизнес күч алып жаткан атаандаштык жана глобалдашкан дүйнөдө ар кандай каржылоо булактарын издеп жатат. Акыркы он жылдыкта банк түзүмдөрүнүн насыялары, жеке акчалай салымдар жана мамлекеттик каржылоо сыяктуу салттуу каржылоо булактары менен катар ишкерлер каржылоонун жаңы түрү болгон “жашыл каржылоо” механизминин пайда болушуна көңүл буруууда.

Жашыл каржылоо жана насыялоо маселелери – чарба субьектилеринин экологиялык жактан туруктуу моделге өтүүсүнүн негизги механизми болуп саналат, энергиянын кайра жаралуучу булактары, таштандыларды кайра иштетүү жана эко-инновациялар боюнча долбоорлорго жеңилдетилген тарифтерди сунуштайт. Инструменттер (насыялар, облигациялар) ишкерлерди капиталга жетүү аркылуу көмүртектин изин кыскартууга үндөйт, ал эми “жашыл” субсидиялар өндүрүштү модернизациялоого көмөктөшөт. Жумушсуздуктун жогорку деңгээли сыяктуу экономикалык кыйынчылыктар өлкөнүн жашыл экономикага өтүүсүнө терс таасирин тийгизет. Экономикалык талаптардын курч мезгилинде туруктуу демилгелерге керектүү көңүл бурулбай калышы мүмкүн. Жашыл долбоорлор үчүн каржылык ресурстардын чектелүү болушу туруктуу инфраструктураны жана технологиялардын өнүгүшүнө тоскоол болууда (Ташкулова, Г.Б. 2024).

Жалпылаганда, “жашыл каржылоо” экологияга терс таасирин азайта турган долбоорлорду каржылоону билдирет. Ишкерлер өз ишмердүүлүгүндө “жашыл” каржылоонун бул түрүнүн өнүгүшүнө аз көнүл буруп, негизинен кирешеге умтулуп, көп жылдар бою начарлап бараткан бизнесинин айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин көз жаздымда калтыргандыгы менен шартталган. Албетте, адамдар жаңы товарларга жана кызматтарга муктаж, өлкө ИДПны жана экономикалык өсүштү баалайт, ал эми ишканалар өндүрүштүн жогорулашын жана таза пайданы баалайт, бирок, белгилей турган нерсе, чарба субъектилери жана бардыгыбыз үчүн тышкы, айлана чөйрөнүн абалы актуалдуу жана жооптуу маселе катары ар бир өлкөнүн, жалпы коомчулуктун, бүткүл дүйнөнүн бакубаттуулугунун негизи катары күн тартибинде белгиленген. Ошондуктан, учурда бизнестин терс жактарына көңүл буруу, анын айлана-чөйрөгө тийгизген терс таасирин эске алуу абдан маанилүү жана ишкердиктин жаңы багыттарын тандоо аракеттери экономикада, ишмердүүлүктү жаңычыл жолго коюуда орчундуу орунду ээлеп келет.

Биздин оюбузча, “жашыл каржылоо” маселелери айлана-чөйрөнүн абалын жакшыртуу көйгөйлөрү менен түздөн-түз байланыштуу жана Кыргызстандын жана анын территорияларынын экономикасын туруктуу өнүктүрүү стратегиясын ишке ашырууга – аны жашылдандырууга өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн максаты – “жашыл каржылоонун” механизмин, анын формаларын, мамлекеттин бул процесстердеги ролун, көрсөтүлгөн тиешелүү аспаптар менен бизнес жүргүзүүнүн артыкчылыктарын бул инструментти колдонуу менен байланышкан бизнес үчүн жеңилдиктерди изилдөө, ошондой эле жашыл каржылоонун учурдагы абалын талдоо жана анын өнүгүү тенденцияларын изилдөө болуп саналат.

Изилдөө методологиясынын негизин илимий таанып-билүүнүн ыкмалары, эмпирикалык метод, экономикалык талдоо методу, статистикалык-экономикалык метод, графикалык метод, топтоо жана салыштыруу ыкмалары түзөт.

Учурда "жашыл каржылоо" деген түшүнүктүн бирдиктүү аныктамасы жок. Ар кайсы өлкөлөр бул терминди өз өкмөттөрүнүн же эл аралык уюмдардын максаттарына, милдеттерине жана иш жүзүнө ашырылып жаткан иш-аракеттерине жараша чечмелешет (1-таблица).

1-таблица. «Жашыл финансы» терминин чечмелөө

| № | **Уюштуруу** | **Аныктама-түшүндүрмөлөр** |
|---|---|---|
| 1. | Жашыл каржылоо боюнча G20 жумушчу тобу | "Кеңири экологиялык туруктуу өнүгүүгө жетүүчү инвестицияларды каржылоо" GEEF *(Витязева,2025)* |
| 2. | Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму *(OECD)* | «Булганууну жана парник газдарын чыгарууну азайтуу, калдыктарды минималдаштыруу жана жаратылыш ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу менен бирге экономикалык өсүшкө жетишүүнү каржылоо» *(ЕЭК GEEF,2025).* |
| 3. | Кыргызстанда жашыл экономиканы каржылоо программасы *(GEFF/KyrSEFF).* | Каржылоо жана жеке адамдарга жана бизнеске консультация берүү, жашыл экономикага өтүүнүн алкагында жогорку натыйжалуу технологияларды жана тажрыйбаларды ишке ашырууга көмөктөшүү, энергияны минималдаштыруу, кайра жаралуучу булактардан энергия өндүрүү, суу ресурстарын сактоо *(Программа GEEF КР,2025)* |
| 4. | Узак мөөнөттүү инвестиция рыногу боюнча эксперттик кеңеш Россия банкында | «Экологиялык жактан таза жана ресурстарды үнөмдөөчү технологияларга инвестиция. «Жашыл» экономиканы өнүктүрүүгө багытталган ар кандай программаларга жана долбоорлорго инвестиция» *(Концепция РФ,2019)* |
| 5. | Кытай Эл банкы | «Кредит берүү, жеке капиталдык фонддор, облигациялар, акциялар жана камсыздандырууну кошо алганда, экологияны коргоо, энергияны үнөмдөө жана таза энергия өндүрүү сыяктуу жашыл аймактарга жеке инвестицияларды тартуу үчүн саясий жана институттук механизмдерди камтыган саясат» *(Чжао Шэнь,2022).* |
| 6. | Германиядагы Жашыл Экономиканы каржылоо программасы энергетикалык өткөөлгө багытталган комплекстүү стратегия *(Energiewende)* | «Климаттын өзгөрүшүнүн шартында аз көмүртектүү жана ресурстарды үнөмдөөчү экономикага өтүү процессине финансылык секторду кошуу менен стратегиялык мамиле» *(GEEF Германии,2024)* |
| 7. | Швейцариянын айлана-чөйрөнү коргоо боюнча федералдык министрлиги | «Экономикалык, социалдык жана экологиялык кызыкчылыктарды айкалыштыруу аркылуу туруктуу өнүгүүгө жетишүүгө финансылык кызмат көрсөтүүлөр индустриясынын толук катышуусу» *(GEEF Швейцарии,2026).* |
| 8. | Өзбекстанда "Жашыл каржылоо" платформасы | Климаттык акылдуу айыл чарбасын стимулдаштырууга өзгөчө көңүл буруу менен жашыл каржылоо тартибин жана жолдорун |

| | | |
|---|---|---|
| | | өнүктүрүүнү жана жылдырууну камсыздоо *(Платформа GEEF РУз,2024)* |
| 9. | Тажикстандагы Жашыл экономиканы каржылоо программасы *(GEFF).* | Калктын жана бизнестин заманбап экологиялык таза технологияларга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана жергиликтүү финансы институттарынын потенциалын чыңдоо аркылуу туруктуу экономикалык өсүшкө көмөк көрсөтүүнү каржылоо *(Программа GEEF Таджикистана, 2019)* |
| 10. | Турция мамлекетиндеги ЕРӨБ тарабынан колдоого алынган Жашыл экономиканы каржылоо программасы *(GEFF)* | Каржылоо экологиялык жактан таза технологияларга өткөн ишканаларды колдоого да, энергиянын кайра жаралуучу булактарына инвестицияларга, жашыл технологияларга адилеттүү өтүүгө багытталган жаңы долбоорлорго багытталган (GEEF Турции,2021) |

*Авторлор тарабынан түзүлгөн*

Жашыл каржылоо саясатын иштеп чыгуу үчүн Кыргызстандагы негизги ченемдик документтер болуп төмөнкүлөр саналат:

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018–2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы *(УӨС-2040) (НСР КР,2018).*

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 28-июнундагы No 2532-VI токтому менен бекитилген “Кыргызстан – “жашыл” экономиканын өлкөсү” “жашыл” экономика Концепциясы *(Концепция ЗЭ КР,2018).*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 14-ноябрындагы № 605 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында «жашыл» экономиканы өнүктүрүүнүн 2019-2023-жылдарга (жана андан ары 2029-жылга чейин) программасы *(Программа GEEF КР,2025).*

КРынын «Жашыл таксономиясы» *(2025)* долбоорлордун классификациясын “жашыл” деп аныктоочу негизги документ болуп саналат. Ошону менен бирге КР Министрлер Кабинетинин алдында Жашыл энергетика фондусу түзүлгөн, анын максаты “... энергиянын кайра жаралуучу булактарынын объекттерин куруу жана аларды иштетүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу жөнүндө инвестициялык макулдашуулардын алкагында энергиянын кайра жаралуучу булактарынын объекттери иштеп чыгуучу электр энергиясын кепилденген сатып алууну камсыз кылуу тартибин ..... аныктоо болуп саналат *(Зеленая таксономия КР,2025).*

Жогоруда белгиленген документтер республиканын ар бир территориясында экология тобокелдиктерин азайтуу жана табигый капиталды сактоо менен бирге калктын жашоо деңгээлин, жыргалчылыгын жогорулатууга багытталган. КРынын бюджетинде “жашыл” чыгашаларды белгилөө боюнча жоболор бекитилип, учурда жашыл каржылоону колдоо иштеринде фискалдык аспаптарды, башкача айтканда, жашыл салыктарды киргизүү жана зыяндуу субсидияларды реформалоо иштери тынымсыз жүргүзүлүүдө. Ошону менен бирге “жашыл” насыялоону өнүктүрүү багыттарын жөнгө салуучу бирден-бир орган Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы да чарба субъектиринин ишмердүүлүгүндө тиешелүү жигердүү колдоо көрсөтүүдө.

Кыргызстанда жана анын аймактарында “жашыл” каржылоо жана насыялоо иштери негизинен ишкер түзүмдөрүн жана бизнести экологиялык жактан туруктуу моделге өткөрүүнүн негизги механизми, энергиянын кайра жаралуучу булактары, таштандыларды кайра иштетүү жана эко-инновациялар боюнча долбоорлор үчүн жеңилдетилген тарифтерди сунуштайт. Насыялар жана облигациялар каржы инструменттери катары ишкерлерди капиталга жетүү аркылуу көмүртек изин кыскартууга шыктандырат, ал эми жашыл субсидиялар өндүрүштү кайрадан заманбап жаңылоону колдойт.

Атаандаштык күчтүү жана глобалдашкан дүйнөдө бизнес ар кандай каржылоо булактарын издеп жатышат. Банктык кредиттер, жеке инвестициялар жана мамлекеттик каржылоо сыяктуу салттуу каржылоо булактары менен катар ишкерлер каржылоонун жаңы түрү: “жашыл каржылоо” пайда болушуна көңүл бурушту.

Жогорудагы көз караштарды жалпылап, төмөнкүдөй аныктаманы берүүгө болот: “жашыл финансы” – бул “жашыл экономиканын” алкагындагы ар кандай долбоорлорго инвестиция, бул зыяндуу эмиссияларды жана булганууну азайтуу, калдыктарды минималдаштыруу, энергияны үнөмдөө, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу, коомдун туруктуу өнүгүүсүн жана экономикалык, социалдык жана экологиялык кызыкчылыктардын шайкеш келишин камсыз кылуу аркылуу айлана-чөйрөнү коргоого багытталган.

Кыргызстанда да башка мамлекеттер сыяктуу “жашыл каржылоо” экологиялык туруктуулукту камсыз кылуучу долбоорлорго инвестициянын өзгөчө түрү болуп саналат. Бул долбоорлор кайра жаралуучу энергияга (күн жана шамал электр станциялары), энергияны үнөмдөөчү жабдууларды модернизациялоого, таштандыларды кайра иштетүүгө, калдыксыз өндүрүштү өнүктүрүүгө жана башка көптөгөн нерселерди камтыйт. Ошону менен бирге мамлекеттик органдар бизнес-коомчулук менен биргеликте социалдык-экономикалык долбоорлорду каржылоо маселелеринде анын өзгөчө “жашыл” критерийлерине көңүл буруу жана компанияларга “жашыл” долбоорлор үчүн насыя каражатын жеңилдетилген шарттарда алууга жардам берүүнү көздөө учурдагы мамлекеттик саясатка дал келет.

2-таблицада “жашыл” долбоордун негизги критерийлери келтирилген. Белгилей кетүүчү нерсе, эгерде ал бир катар критерийлерге жооп берсе, долбоор “жашыл” долбоор болуп эсептелет, алардын фундаменталдык критерийлери томөнкү таблицада келтирилген.

Каржылоонун жаңы механизми бизнеске бир катар артыкчылыктарды берүүдө. Атап айтканда, жашыл долбоорлорду ишке ашыруучу атамекендик компаниялар төмөнкүдөй артыкчылыктарды алышат: биринчи, жеңилдетилген каржылоону алуу мүмкүнчүлүгү; экинчи, керектөөчүлөрдүн жашыл өндүмдөргө болгон ишениминин жогорулашынан улам атаандаштык артыкчылыктар; үчүнчү, кошумча акчалай инвестицияларды тартуу;

Таблица 2. Жашыл долбоордун критерийлери*

| № | Критерий | Мүнөздөмө |
|---|---|---|
| 1. | Айлана-чөйрөнү коргоо, экологиялык көйгөйлөрдү чечүү | Чыгындыларды азайтуу, абанын жана суунун сапатын жакшыртуу, энергияны үнөмдөө, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо ж.б. |
| 2. | Ченөөчү натыйжалар (ченемдик-укуктук негиздер) | Тиешелүү отчетторду берүү үчүн зарыл болгон айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин эсептөө жана баалоо жөндөмдүүлүгү |
| 3. | Ачыктык, жеткиликтүүлүк, жоопкерчилик | Долбоор жана анын экологиялык компоненти жөнүндө маалыматтын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү. |
| 4. | Туруктуу өнүгүү принциптерин сактоо | Долбоордун башка аймактарга зыян келтирбешинин аныктыгы |
| 5. | Көз карандысыз баалоо (тышкы эксперттер) | Долбоорду баалоо жана анын экологиялык абалын адистештирилген аккредиттелген агенттик (верфикатор) тарабынан тастыктоо мүмкүнчүлүгү. |


*Авторлор тарабынан түзүлгөн*

төртүнчү, кыскартылган эксплуатациялык чыгымдар (электр энергиясына, сууга жана башка ресурстарга чыгымдар); бешинчи, ишкердик жана каржы репутацияларын жогорулатуу; алтынчы, мыйзам талаптарына тез көнүү жана мыйзам чегинде аткаруу.

2025-жылдын 1-январына карата КРысында 801,2 миң ишкердик чарба субъектиси ишкердик менен алектенди, бул 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу 4,6%га жогору көрсөткүч. Мындай субъекттердин жалпы санынын эң чоң үлүшү (46,0%) айыл чарба субъекттерине туура келет, курулушта 112,2 миң чарба субъект, билим берүү тармагында 110,1 миң чарба субъект, электр энергиясы жана газ менен камсыздоодо 109,6 миң чарба субъект, кайра иштетүү өнөр жайында 109,5 миң субъект, тоо-кен өнөр жайында 108,9 миң чарба субъект, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөө чөйрөсүндө 101,9 миң чарба субъектилери өз ишмердүүлүгүн аткарууда (1-сүрөт) *(НСК,МСП КР,2025).*

Ишкердик субъекттеринин түзүмүндө дыйкан (фермер) чарбалары (357,1 миң субъект) жана жеке ишкерлер (396,1 миң субъект) басымдуулук кылат. Иштеп жаткан ишкердик субъекттеринин жалпы санынын ичинен жеке менчик субъекттери басымдуулук кылат (104,7 миң субъект). Андан кийинки орунда мамлекеттик (100700 чарба субъектиси) жана муниципалдык менчиктеги субъекттер (94700 чарба субъектиси) турат.

Кыргыз Республикасы ачык экономикага ээ. Өлкө экспортко, эл аралык өнөктөштөрдүн колдоосуна, чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө таянуу менен орточо экономикалык өсүштү көрсөттү. 2024-жылдын жыйынтыгы менен Кыргызстандын экономикасында чакан жана орто бизнестин (ЧОИ) үлүшү туруктуу өсүүдө жана ИДПнын 42%га жакынын түздү. Алар жумуштуулуктун булагы катары жумушсуз калган калктын көпчүлүк бөлүгүн иш менен камсыздап, улуттук продукциянын олуттуу бөлүгүн толуктап “жашыл” каржылоонун




1-сүрөт. - 2025-жылдын 1-январына карата КРсында ишкердик чарба субъектилеринин тармактык бөлүнүшү, сан жана % менен. *(НСК,МСП КР, 2025)*

талаптарына ылайык өнүмдөрдү чыгарууда жана ошону менен экономикалык туруктуулукту камсыз кылууда. Ишкердик жана бизнес чөйрөсү мамлекеттик колдоону талап кылат, анын ичинде каржылоонун жеткиликтүүлүгүн жөнөкөйлөтүү жана ишкерлер үчүн инфраструктураны өнүктүрүү маселелеринде Кыргыз өкмөтү салык реформасы жана бизнести жөнөкөйлөштүрүлгөн каттоо аркылуу ишкердикти өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүүдө.

“Жашыл” каржылоонун өзүнө тиешелүү мүнөздөлгөн саясаты бар жана ал долбоордун негизги компоненттерине токтолсок. Биринчиден, бизнес-структуралар, ишкердик-түзүмдөр төмөнкү суроолорго так жана толук жооп бериши шарт: - каржылоонун максаты жана өлчөмү; - жашыл долбоордун мөөнөттөрү жана натыйжалары; - капиталдык салымдын жалпы суммасы; - пландалган кирешелер жана чыгашалар; – бардык тобокелдиктер жана аларды азайтуу/жок кылуу боюнча чаралар. Экинчиден, “жашыл” долбоорго тиешелүү болгон жана төмөнкүлөрдү камтыган керектүү иш кагаздарын даярдаш керек: - уюштуруу документтери; - каржылык эсеп-кысаптар жана отчеттуулук; - лицензия жана уруксат кагаздары; - кызматкерлер, иш аткаруучулар жөнүндө маалымат кагаздары. Эң акыркы баскычта каржылоо арызын толтуруп жана аны тиешелүү жактарга кароого тапшырылат.

“Жашыл каржылоо” механизми “жашыл финансылык инструменттердин” жардамы менен ишке ашырылат, алардын негизги түрлөрү 2-сүрөттө берилген.

2-сүрөттө көрсөтүлгөн жашыл каржы аспаптардын бардык түрлөрү инновациялык деп каралышы керек. Эми, жашыл каржы аспаптарынын айрым түрлөрүн кененирээк карап чыгалы.

*“Жашыл субсидиялар”* түшүнүгү бизнестин экологиялык демилгелерин илгерилетүүгө багытталган салык чараларын билдирет. Бул чаралар ишканаларды жеңилдетилген жашыл насыялар менен камсыз кылуу жана жашыл облигацияларды чыгаруу формасын алат. Кыргызстанда жашыл субсидиялар кайра жаралуучу энергия боюнча долбоорлорду стимулдаштырууга, энергияны үнөмдөө жана айлана-чөйрөнү коргоого багытталган. Жашыл энергетика фонду каржылык колдоо көрсөтөт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы тарабынан/




1-сүрөт. - “Жашыл” каржы аспаптарынын түрлөрү *(авторлор тарабынан түзүлдү)*

жашыл каржылоо программаларын ишке ашырат. Негизги көңүл аз көмүртектүү экономикага өтүү, булганууну азайтуу жана экологиялык таза технологияларды ишке ашыруу болуп саналат. Аталган субсидиялар негизинен кайра жаралуучу энергия, б.а.

айыл аймактарындагы керектүү болгон чакан ГЭСтерди, күн жана шамал электр станцияларын курууну каржылоого; жабдууларды заманбап жаңылоого жана өндүрүштө энергия, сууга кеткен энергияны үнөмдөөгө; "жашыл" энергетика фонду кайра жаралуучу энергия булактарын пайдалануучу объектилерди долбоор-стартаптарды курууга жана оңдоого "жашыл" каражаттарды (инвестицияларды) топтоого; парник газдарынын эмиссиясын азайтуу жана ресурстарды сактоого байланышкан эко-долбоорлорго багытталган.

Ошону менен бирге КРындагы жашыл финансы рыногундагы көйгөйлөргө долбоорлорду баалоонун так критерийлеринин жоктугу  субсидияларга жетүүгө тоскоолдук кылат.

*Жашыл облигациялар* – экологиялык долбоорлорго (айлана-чөйрөнү жакшыртуу, айлана-чөйрөнү коргоо жана айлана-чөйрөгө терс таасирин азайтуу) инвестиция тартуу үчүн чыгарылган карыздык баалуу кагаздар. Башкача айтканда, мындай облигацияларды чыгаруудан түшкөн бардык кирешелер сөзсүз түрдө жашыл долбоорлорду ишке ашырууга багытталат.

Мисалы, жашыл облигациялар аркылуу тартылган каражаттар күн/шамал электр станцияларын, таштандыларды кайра иштетүүчү заводдорду, таштандыларды тазалоочу жайларды курууга, электр транспортун колдонууга, табигый биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого ж.б. үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Белгилей кетсек, Кыргызстандагы жашыл облигациялар экологиялык долбоорлорду каржылоо аспабы болуп саналат, алардын биринчиси 2023-жылы ДоскредоБанк тарабынан чыгарылган. Облигациялар 85 миллион сомдук жана жылдык 16% кирешелүүлүгү менен энергияны үнөмдөөчү курулуштарга, жашыл транспортко жана жашыл технологияларды колдоого багытталган *(Зеленая таксономия КР,2025)*. Рынокту өнүктүрүү эл аралык институттар жана Астана эл аралык каржы борбору (AIFC) тарабынан колдоого алынууда. ДосКредоБанк биринчи эмитент катары 2023-жылдын июнь айына "жашыл" облигациялары 1000 сом номиналы, 85 млн.сомдук көлөмү, жылдык 16% кирешелүүлүгү менен, 3 жылдык мөөнөткө чыгарылган. Негизинен бул "жашыл" облигациялар  энергияны үнөмдөөчү имараттарды курууга, айыл чарба жана жашыл технологияларга, таза, б.а. "жашыл" транспортко (электрзаряддоо станцияларына), сууну үнөмдөөчү технологияларды каржылоого максаттуу каралган. 2025-жылы KICB Эл аралык Финансы Корпорациясынан (IFC) ICMАга ылайык келген туруктуулук облигациялары аркылуу туруктуу өнүгүү багыттарын каржылоону камсыз кылды *(Зеленая таксономия КР,2025).*

*«Жашыл» насыялар* термини экологиялык жактан маанилүү долбоорлорго жаңы каржылоо же кайра каржылоо түрүндө жаңы же иштеп жаткан экологиялык долбоорлорду толугу менен же жарым-жартылай кайра каржылоо түрүндө жеңилдетилген насыяларды берүүнү билдирет.

Кыргызстанда "жашыл" насыялар энергияны үнөмдөөчү технологияларды, кайра жаралуучу энергия булактарын (ЭКБ) жана экологиялык долбоорлорду каржылоо аркылуу туруктуу экономикага өтүүдө негизги ролду ойнойт. Алар KYRSEFF сыяктуу программалар аркылуу зыяндуу эмиссияларды азайтууга, айлана-чөйрөнү жакшыртууга, өндүрүштү заманбап жаңылануу жана коммуналдык төлөмдөрдү төмөндөтүүгө жардам берет.

Кыргыз Республикасындагы "жашыл" насыялардын негизги максаттары катары - климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин азайтуу жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууну айтсак болот. Насыя каражаттары үйдү жылуулоого, күн батареяларын орнотууга, энергияны үнөмдөөчү жабдууларга, жашыл айыл чарбасын жана экологиялык таза өндүрүштү өнүктүрүүгө берилет. Ошону менен бирге "жашыл" каржылоо аракеттери курчап турган чөйрөгө өзүнүн оң таасири менен өлкө үчүн маанилүү болгон абанын, суунун жана топурактын булганышынын төмөндөшүнө, б.а. айлана-чөйрөнүн натыйжалуулугунун индексинин жакшырышына алып келет деген чоң үмүт менен насыялоо багыттары жигердүү түрдө жүрүүдө.

"Жашыл" насыялоонун ишканалар жана жеке адамдар үчүн энергияны үнөмдөө, жаңы "жашыл" жумуш орундарын түзүү жана өнүмдөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, ж.б.у.с. таасирлер бизнес жана ишкер-түзүмдөрүнө экономикалык оң таасирлери тийгизүүдө. Ошол эле мезгилде мамлекет экологиялык долбоорлорду стандартташтырууга, тармакты эл аралык инвестиция үчүн жагымдуу кылууга багытталган "жашыл" таксономияны киргизди. Программалар жергиликтүү банктар жана Эл аралык каржы мекемелери аркылуу ири бизнести, жеке үй чарбаларын колдоо багыттарына климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин азайтуу жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылууга насыя берүү иштерин аткарып келүүдө.

Изилдөө көрсөткөндөй "жашыл" каржы аспаптар рыногу институционалдык чектөөлөр менен өсүү потенциалын тең салмактаган трансформация абалында экенин көрсөтүп турат. "Жашыл" каржылоо акырындык менен өсүп жатканы менен, сертификациянын жогорку чыгымдарын, стимулдардын жоктугун жана чендин туруксуздугун камтыган көйгөйлөр дагы эле сакталууда.

Жашыл инвестициялардын өсүшүн камсыз кылган бир фактор – бул Кыргызстандагы көпчүлүк банктардын улуттук таксономияларга (жашыл, адаптивдик жана социалдык) өтүү процессинин активдешүүсү менен тыгыз байланышкан, ошол эле мезгилде бул кырдаал азырынча терең изилдене элек жана учурдагы окумуштуулардын көңүл чордонунда, себеби, "жашыл" таксономиянын тартибине кирүү менен ачык финансылык пайда алууга каржы-насыя мекемелеринин мүмкүнчүлүгү жогорулайбы деген суроого жооп берүү "жашыл" каржылоо боюнча изилөө иштеринде тынымсыздыкты жана чоң жоопкерчиликти талап кылат, ишкердик менен алектенген чарба субьектилеринин каржы натыйжалуулугу боюнча алынган маалыматтардын ачыктыгы, аргументтүүлүгү жана далилдиги учурдагы жер-жерлерде туруктуу өнүгүү максаттардын иш жүзүнө ашырылышы жөнүндө кабар берет.

Күтүлүүчү оң натыйжалар менен кошо "жашыл" каржылоого тоскоолдук жараткан бир топ терс факторлор да жок эмес, алар төмөнкүлөр:

– "жашыл" долбоорлордун өзүн-өзү актоо мөөнөтү;

− мамлекеттик колдоо жашыл долбоордун чыгымдарынын болжол менен 20%ын гана жабышы мүмкүн;

- жашыл товарларга (кызматтарга) баалар жогору (өздүк наркы жогору болгондуктан), ошондуктан, төлөм жөндөмдүүлүгү салыштырмалуу жогору болгон гана керектөөчүлөрдүн аз пайызы аларды сатып алууга мүмкүнчүлүгү болот;

− "жашыл" долбоорду ишке ашырууда сарпталган чыгымдардын так аудитинин жоктугу.

Ааламдашуу тенденциялары аймактык кластерлердин маанилүүлүгүн өсүп жатканын, өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан рыноктордун ортосундагы ажырымды ого бетер күчөтүшү мүмкүн болгон катаал регулятивдик отчеттуулук талаптарын көрсөтүп турат. Бул жаатта мекенибизде төмөнкү стратегиялык мааниси жогору болгон иш-чараларды иштеп чыгуу өтө маанилүү:

- "жашыл" рыноктун катышуучулары (эмитенттер жана инвесторлор) үчүн максаттуу салыктык жеңилдиктерди киргизүү багыттарын андан ары да иштеп чыгуу (мисалы, Кыргызстанда элетромобиль боюнча 0% ченемдер киргизилген, ж.б.у.с.);

- РФ, Казахстан, Турция, ЕАЭБиндеги мамлекеттер, жана 60 тан ашуун дипломатиялык мамилелери бар өлкөлөр менен достук юрисдикциялар жана "жашыл" стандарттарды шайкеш келтирүү;

- "жашыл" долбоорлорду жаңы каржы механизмдери аркылуу колдоо.

Ошентип, келечекте өлкөбүздүн экономикасын жашылдандырууну мындан ары чыңдоо жана туруктуу өнүктүрүү стратегиясын ишке ашырууга көмөктөшүүчү жашыл каржылоо аспаптарынын кыйла жигердүү өнүгүшү күтүлүүдө. Жакынкы аралыкта, мамлекеттик түзүмдү колдоо жана эл аралык кызматташуу улуттук өзгөчөлүктөрдү эске

алуу менен “жашыл” механизмдер жана тиешелүү аспаптар экономикалык өнүгүүнүн туруктуу кыймылдаткычы болууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттар тизмеси:**


1. Витязева, А. А. (2025). Рынок «зеленого финансирования» в России: особенности и потенциал развития (Автореферат диссертации кандидата экономических наук, МГИМО МИД России). disserCat. https://www.dissercat.com/content/rynok-zelenogo-finansirovaniya-v-rossii-osobennosti-i-potentsial-razvitiya
2. Даутов, Я. (2025, 6 мая). Основные экономические показатели и состояние инвестиционного климата в Кыргызстане. Мнения АКИpress. URL: https://mnenie.akipress.org/unews/un_post:43071/
3. Европейский банк реконструкции и развития. (б.д.). Программа финансирования «зеленой экономики» (GEFF) в Таджикистане. GEFF. URL: https://ebrdgeff.com/tajikistan-agri/ru/the-programme/the-facility/
4. Европейский банк реконструкции и развития. (2022). Программа финансирования «зеленой экономики» (GEFF) в Турции. Sber.pro. URL: https://sber.pro/bcp-laika-public/ESG_Turkey_A3_659ce49f12.pdf
5. Евразийская экономическая комиссия. (2025). Критерии зеленых проектов государств-членов Евразийского экономического союза (Модельная таксономия). URL:https://eec.eaeunion.org/upload/medialibrary/fbf/avdqxnky1ryap880n9fh90rg550y0gf4/Kriterii-dlya-opublikovaniya-_Modelnaya-taksonomiya_-17.04.pdf
6. Кыргызская Республика. Жогорку Кенеш. (2018, 28 июня). Постановление № 2532 VI «Об утверждении Концепции "Кыргызстан — страна зеленой экономики"…» (с изм. от 02.06.2022). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/83124/edition/1171377/ru
7. Кыргызская фондовая биржа. (б.д.). Программа финансирования «зеленой экономики» в Кыргызстане. Kyrgyz Green Bonds. URL: www.kyrgyzgreenbonds.kg
8. Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. (2025). Малое и среднее предпринимательство в Кыргызской Республике 2020–2024 гг. URL: https://stat.gov.kg/ru/publications/sbornik-maloe-i-srednee-predprinimatelstvo-v-kyrgyzskoj-respublike/
9. Продовольственная и сельскохозяйственная организация Объединенных Наций (ФАО). (2024, 26 декабря). Платформа «Зеленое финансирование» в Узбекистане. FAO. URL: https://www.fao.org/platforms/green-agriculture/knowledge/green-practices-repository/detail/green-finance-platform-in-uzbekistan/ru
10. Ташкулова, Г. Б. (2024). Проблемы подготовки специалистов по учету ESG в вузах Кыргызстана. Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии, 3(46). https://www.elibrary.ru/download/elibrary_78634497_61658761.pdf
11. Чжао, Ш. (2022). Инновационная практика «зеленого» финансирования в Китае. Экономика и предпринимательство, (11), 141–145. URL: https://esg-library.mgimo.ru/upload/iblock/b7f/e4dswwnl7fdikqui6buf5u71h73gyzzb/Innovatsionnaya-praktika-CHzhao-SHen.pdf
12. Экспертный совет по рынку долгосрочных инвестиций при Банке России, Рабочая группа по вопросам ответственного финансирования (ESG finance). (2019). Концепция организации в России методологической системы по развитию зеленых финансовых инструментов и проектов ответственного инвестирования. Центральный банк РФ. URL: https://cbr.ru/content/document/file/84163/press_04102019.pdf
13. NSYS Group. (2024, 23 сентября). Финансирование бизнеса в Германии: лучшие зеленые гранты и кредиты для устойчивого роста. NSYS Group. URL: https://nsysgroup.com/ru/blog/business-funding-in-germany-green-grants-and-loans/
14. Swissinfo.ch. (2023, 27 февраля). Швейцария удвоила свое «зеленое» финансирование. Swissinfo. URL: https://www.swissinfo.ch/rus/business/B5/47124146